"Отчеттук мезгилдин акырына карата РППУ калдыгы, бардыгы болуп" деп аталган 6-статьяда атайы жана жалпы РППУ боюнча 3-беренени минуска чыгаруу менен 1, 2, 4, 5-статьялардын суммасына барабар болгон сумма көрсөтүлөт.

## 2 §. Б бөлүкчөсү. "РППУнун эсебинен мурда эсептен алынып салынган жана кайтарылган (мурда эсептен алынып салынган) активдер жана баланстан тышкаркы милдеттенмелер жөнүндө маалымат"

73. Бул бөлүкчөдө өтүп жаткан жыл башынан тартып РППУнун эсебинен эсептеп алынып салынган активдер, ошондой эле өтүп жаткан жыл ичинде сом түрүндө (2, 4, 6-тилкелер) жана Улуттук банктын отчеттук күнгө карата эсептик курсу боюнча сом эквиваленттиндеги чет өлкө валютасында (3, 5, 7-тилкелер) кайтарылып алынган активдер жөнүндө маалыматтар чагылдырылат.

74. Кардарларга сунушталган каржылоолор, кардардын ишинин негизги тармагы жана анын бизнесинин түрү боюнча эмес, өздөштүрүлө турган иш багытына ылайык экономиканын секторлору боюнча бөлүштүрүлүүгө тийиш. Эсептеп алып салуу жана кайтаруу, тиешелүү тилкелерде жана статьяларында чагылдырылууга тийиш. Таза эсептеп алып салуу суммасы дароо эсептелинет. Бардык суммалар миң сом менен чагылдырылууга тийиш.

75. "Статья" деп аталган 1-тилкенин 1, 2, 4, 5, 6 жана 8-статьяларында РППУнун эсебинен эсептеп алынып салынган жана кайтарылган (мурда эсептен алынган) активдер жана баланстан тышкаркы милдеттенмелер санап көрсөтүлөт.

"Финансы-кредиттик уюмдарга сунушталган каржылоо" деп аталган 1-статьяда жана "Башка кардарларга сунушталган каржылоо" деген 2-статьяда каржылоо наркы (амортизацияланбаган дисконт өлчөмүн минуска чыгаруу менен) РППУну эсептен алып салуусуз көрсөтүлөт.

"Башка активдер" деп аталган 6-статьяда жогоруда көрсөтүлбөгөн, бирок өтүп жаткан жылдын башынан тартып РППУнун эсебинен эсептен алынып салынган же өтүп жаткан жыл ичинде кайтарылган (мурда эсептен алынып салынган) бардык активдер көрсөтүлөт.

"Эсептен алып салуу - А" деп аталган 2 жана 3-тилкелерде РППУнун эсебинен эсептен алынып салынган активдердин жана баланстан тышкаркы милдеттенмелердин суммалары көрсөтүлөт.

"Кайтарып алуу - Б" деп аталган 4 жана 5-тилкелерде мурда эсептен алынып салынган, РППУга кайтарылган активдердин жана баланстан тышкаркы милдеттенмелердин суммалары көрсөтүлөт.

"Таза эсептен алып салуу" деп аталган 6 жана 7-тилкелерде эсептен алынып салынган жана кайтарылган активдер менен баланстан тышкаркы милдеттенмелердин өлчөмдөрүнүн ортосундагы айырма көрсөтүлөт, ал мурда эсептен алынып салынган активдер менен баланстан тышкаркы милдеттенмелерди кайтарып алуудан түшкөн таза кирешени (чыгымды) аныктайт.

## 8. 8-бөлүк. "Ири тобокелдиктер жөнүндө маалымат"

### 1 §. А бөлүкчөсү. "Ири тобокелдиктер жөнүндө маалымат"

76. Бул бөлүктө МФК кардарларынын ири өлчөмдөгү чогуу алгандагы карызы отчеттук күнгө карата номиналдык наркы боюнча чагылдырылат (мындан ары бул бөлүктө "каржылоо" катары чагылдырылат). Каржылоо суммасы алардын номиналдык наркы боюнча көрсөтүлүүгө тийиш. Бардык суммалар миң сом менен чагылдырылат.

77. "Карыз алуучунун аты-жөнү" деп аталган 2-тилкеде МФКнын ар бир кардарынын аты-жөнү көрсөтүлөт (компаниялардын расмий аталышы мамлекеттик мекеме тарабынан берилген каттоо документине ылайык көрсөтүлөт, ал эми же жеке адамдын толук аты-жөнү берилет).

"Топ" деп аталган 3-тилкеде бир топ катары каралган топтордун ар бир мүчөсү көрсөтүлүүгө тийиш. Мындай топтун ар бир каржылоо бүтүмү өзүнчө статьяда көрсөтүлүшү зарыл. Мисалы, өзүнчө бир адам ал иштеген компания сунуштаган жеке каржылоого ээ болсо, каржылоо боюнча ири бүтүмдөрдү аныктоо максатында мындай бүтүмгө топко чегерилген номер ыйгарылууга тийиш. Мисалы: "А" деп аталган өзүнчө адам жана аны менен байланыштуу эки компания үч каржылоо бүтүмүнө ээ болсо жана алардын бири ири активди (бир топ) түзсө, анда топтун "1" деген номер биринчи, экинчи жана үчүнчү каржылоого ыйгарылууга тийиш. Ал эми кийинки олуттуу каржылоо башка кардарга сунушталса, анда ага "2" деген номер ыйгарылат.

Ошентип, мындай каржылоону төмөнкүчө чагылдырууга болот:

| | Кардардын аты-жөнү | Топтун номери |
|---|---|---|
| 1. | "А" кардардын аты-жөнү | 1 |
| 2. | "А" кардарынын компаниясы | 1 |
| 3. | "А" кардарынын компаниясы | 1 |
| 4. | "В" кардары | 2 |

Ар бир кардарга тиешелүү транзакциялар 4 жана 7-тилкелерде көрсөтүлөт.

Тиешелүү транзакциялар боюнча үстөк баа/киреше 5 жана 8-тилкелерде көрсөтүлөт.

Ар бир кардардын 4 жана 7-тилкелердин суммасына барабар жалпы карызы 9-тилкеде көрсөтүлөт.

МФК тарабынан сунушталган каржылоонун негизги суммасы боюнча кардардын мөөнөтүндө төлөнбөгөн карызынын созулушу (төлөө мөөнөтү) "Мөөнөтүндө төлөнбөгөн активдер, күндөр" деп аталган 10-тилкеде көрсөтүлөт. Бул позиция каржылоо мөөнөтүндө төлөнбөгөн катары эсептелген күндөн тартып жана отчеттук күнгө карата күндөрдө чагылдырылат.

2 §. Б бөлүкчөсү. "Аффилирленген жактар менен операциялар тууралуу жалпы маалымат"

78. "Аффилирленген жактын аталышы" деп аталган 2-тилкеде МФКнын ага каржылоо сунушталган жана ошондой эле активдер сунушталган аффилирленген жактын аталышы көрсөтүлөт.

"Операциянын суммасы" жана "Операциянын түрү" деп аталган 3-4-тилкелерде аффилирленген жактар менен ишке ашырылган операциялар суммасы жана түрү көрсөтүлөт.

"Операция башталган күн" жана "Операциянын аяктаган мөөнөтү жана күнү" деп аталган 5-6-тилкелерде операциялар башталган жана аяктаган күн көрсөтүлөт.

"Үстөк баа/киреше" жана "Кирешелүүлүк коэффициенти" деп аталган 7-8-тилкелерде операциялар боюнча үстөк баа/киреше жана кирешелүүлүк коэффициенти пайыздарда чагылдырылат.

"Күрөө" жана "Күрөөнүн ээси" деген 9-10-тилкелерде күрөөнүн түрү жана аны сунуштаган жак (кардар) көрсөтүлөт.

"Операцияны жүргүзүү шарттары" деген 11-тилкеде аффилирленген жак менен бүтүмдөрдү ишке ашыруу шарттары чагылдырылат.

3 §. В бөлүкчөсү. "Уюштуруучулардан/акционерлерден займдар"

79. "Уюштуруучу/акционер" деп аталган 2-тилкеде МФКнын уюштуруучусу/акционери толук көрсөтүлөт.

"Сумма" деп аталган 3-тилкеде келишим боюнча каржылоо суммасы көрсөтүлөт.

"Берилген күнү" деп аталган 4-тилкеде келишим боюнча каржылоо сунушталган күн көрсөтүлөт (жылы, күнү, айы).

"Төлөө күнү" деп аталган 5-тилкеде келишим боюнча каржылоонун төлөө күнү көрсөтүлөт (жылы, күнү, айы).

"Каражаттар калдыгы" деп аталган 6-тилкеде МФКнын уюштуруучулары/ акционерлери тарабынан сунушталган каржылоонун калган суммасы көрсөтүлөт.

"Үстөк баа/чыгаша" деп аталган 7-тилкеде келишимге ылайык каржылоо боюнча үстөк баа/чыгаша көрсөтүлөт.

"Валюта" деп аталган 8-тилкеде каржылоо сунушталган валюта көрсөтүлөт.

"Башка шарттар" деп аталган 9-тилкеде бул каржылоо боюнча башка кошумча шарттар көрсөтүлөт.

9. 9-бөлүк. "Кызматчылар менен жүргүзүлгөн операциялар тууралуу маалымат"

80. Бул бөлүк МФК тарабынан өз кызматкерлерине берилген каржылоо жана ушул сыяктуу активдер боюнча маалыматтарды камтыйт. Каржылоо жана МФКнын ушул сыяктуу активдеринин суммасы алардын номиналдык наркы боюнча көрсөтүлүүгө тийиш.

81. "Кызматчынын аты-жөнү" деп аталган 2-тилкеде кызматкерлердин аты-жөнү толук көрсөтүлөт. Бул бөлүктү толтуруу тартиби "Ири тобокелдиктер жөнүндө маалымат" деп аталган 8-бөлүктү толтуруу тартибине окшош.

10. 10-бөлүк. "Экономикалык ченемдердин сакталышы жөнүндө маалымат"

82. Ушул бөлүк Улуттук банк Башкармасынын 2014-жылдын 30-майындагы № 24/11 токтому менен бекитилген Ислам банк иши жана каржылоо принциптери боюнча

операцияларды жүзөгө ашырган микрофинансылык компаниялардын ишин жөнгө салуу эрежелерине ылайык толтурулат.

11. 11-бөлүк. "Кардарларга берилген каржылоо жөнүндө маалымат"

83. Бул бөлүк каржылоо портфели боюнча статистикалык маалыматтарды сунуштайт. Андагы маалыматтар консолидацияланган негизде, ошондой эле областтар боюнча түзүлөт.

84. Кирешелүүлүктүн орточо алынган эффективдүү чени Улуттук банк Башкармасынын 2008-жылдын 27-августундагы № 33/4 токтому менен бекитилген "Банктык кызмат көрсөтүүлөр боюнча сый акы өлчөмү жөнүндө маалыматтарды таркатууда эффективдүү пайыздык ченди эсептөө жөнүндө" жобого жана ушул усулдук көрсөтмөлөрдүн 44-пунктуна ылайык эсептелинет.

1 §. "Каржылоо шарттары жөнүндө маалымат"

85. Бул формада каржылоо ыкмалары жана төлөө шарттары, ошондой эле күрөөгө карата коюлган талаптар, б.а негизги күрөө жана кошумча күрөө жөнүндө маалыматтар, ошондой эле төлөө шарттары тууралуу маалыматтар берилет.

2 §. "МФКнын персоналы жөнүндө маалымат"

86. Бул бөлүктө МФКнын кызматкерлеринин саны, түзүмдүк бөлүмү жана эмгек акыларынын деңгээли боюнча кошумча маалымат берилет.

87. "Катталган персоналдын, кызматчынын саны" деп аталган 1-статьяда иштеп жаткан кызматкерлердин, ошондой эле өргүүдөгү кызматкерлердин айкын саны көрсөтүлөт (мисалы, бала багуу өргүүсү боюнча 3 жылга чейин). Мындан тышкары, мөөнөттүү эмгек келишими менен иштеген кызматкерлердин санын, башка уюмдун кызматкери болуп саналбаган, контракт боюнча иштеген кызматкерлердин санын көрсөтүү зарыл. Кызматкерлердин санын отчеттук чейректин ар бир календардык күнүнө карата кошуп, алынган санды чейректеги календардык күндүн санына бөлүү менен кызматкерлердин орточо санын аныктайбыз.

"Кызматчылардын орточо эмгек акыларын жана башка орточо көрсөткүчтөрүн эсептөөдө колдонулуучу саны" деп аталган 2-статьяда отчеттук мезгил ичинде иштеген кызматкерлердин саны көрсөтүлөт. Толук эмес иш күнү менен иштеген же белгилүү бир тапшырманы аткаруу үчүн ишке тартылган кызматкерлердин саны айкын иштеген сааттарга пропорционалдуу эсептелет: отчеттук ай ичинде иштеген адам сааттарынын санын биринчи иш күнүнүн узактыгына (сааттарга) бөлүп, андан кийин отчеттук айдын жумуш күндөрүнүн санына бөлүү зарыл.

"Эмгек акы фонду (анын ичинде финансылык көмөк көрсөтүү жана социалдык жеңилдиктер, миң сом түрүндө)" деп аталган 3-статьяда негизги эмгек акыны, эмгек акыга карата үстөк акыны, сый акыларды жана башка төлөмдөрдү кошо алганда, эмгек акыны төлөө үчүн каралган сумма көрсөтүлөт.

12. 12-бөлүк. "Чечмелөө"

1 §. А бөлүкчөсү. "Банк менен агенттик келишим боюнча чекене банктык кызмат көрсөтүүлөрдү ишке ашыруу боюнча маалымат"

88. “Банктын аталышы” деп аталган 2-тилкеде агенттик келишим боюнча чекене банктык кызмат көрсөтүүлөр ишке ашырыла турган коммерциялык банктардын аталышы көрсөтүлөт.

“Которуу системасы” деп аталган 3-тилкеде операциянын түрү, башкача айтканда которуу системаларынын аталышы көрсөтүлөт.

“Операциялардын саны” деп аталган 4-тилкеде отчеттук мезгил ичинде агенттик келишим боюнча ишке ашырыла турган операциялардын саны көрсөтүлөт.

“Операциялардын көлөмү, жыл башынан бери бардыгы болуп” деп аталган 5-тилкеде МФК тарабынан жүзөгө ашырыла турган операциялардын чогуу алгандагы суммасы жыл башынан тартып улам өсүш жыйынтыгы менен сомдук эквивалентте көрсөтүлөт.

“Анын ичинде отчеттук мезгил ичинде” деп аталган 6-тилкеде МФК тарабынан отчеттук мезгил ичинде которуу системалары боюнча жүзөгө ашырыла турган операциялардын суммасы көрсөтүлөт.

2 §. Б бөлүкчөсү. "Финансы- насыялык уюмдарда ишке ашырылган операциялар жана инвестициялар боюнча чечмелөөлөр"

89. "Уюмдун аталышы" деп аталган 3-тилкеде төмөнкү статьялар боюнча салымдар/инвестициялар салынган уюм көрсөтүлөт:

1) банктарды кошо алганда, финансылык уюмдардын эсептериндеги акча каражаттары;

2) инвестициялар жана финансылык катышуу;

3) мамлекеттик баалуу кагаздар. Мында мамлекеттик казына векселдерине жана мамлекеттик казына облигацияларга бөлүштүрүлгөн маалыматтар көрсөтүлөт. МФК акча каражаттарын алардын Шариат стандарттарына ылайык келүүсү шартында мамлекеттик баалуу кагаздарга инвестициялоого укуктуу.

“Отчеттук мезгилдин башына карата калдыгы” жана “Отчеттук мезгилдин акырына карата калдык” деп аталган 4 жана 7-тилкелерде отчеттук мезгилдин башталышына жана акырына карата операциялар боюнча акча каражаттардын калдыгы, тиешелүүлүгүнө жараша көрсөтүлөт.

“Отчеттук мезгил ичинде эсептериндеги акча каражаттарынын же инвестицияларынын көбөйүүсү” деп аталган 5-тилкеде отчеттук мезгил ичинде эсептердеги акча каражаттардын же инвестициялардын көбөйүшү көрсөтүлөт.

“Отчеттук мезгил ичинде эсептериндеги акча каражаттарынын же инвестицияларынын азайышы” деп аталган 6-тилкеде отчеттук мезгил ичинде эсептердеги акча каражаттардын же инвестициялардын азайышы көрсөтүлөт.

“Орточо алынган үстөк баа/киреше, отчеттук мезгилдин акырына карата %да” деп аталган 8-тилкеде финансылык уюмдун эсептериндеги акча каражаттар жана инвестициялар боюнча орточо үстөк баа/киреше пайыздарда чагылдырылат.

“Отчеттук мезгилдин акырына карата орточо алынган кирешелүүлүк коэффициенти, %да” деп аталган 9-тилкеде эсептердеги акча каражаттар жана финансылык уюмга инвестициялар боюнча кирешелүүлүктүн орточо алынган коэффициенти пайыздарда көрсөтүлөт.

13. "Чет өлкө активдери жана милдеттенмелери боюнча отчет"

90. Бул бөлүк МФКнын чет өлкөдөгү активдери жана резидент эместер алдындагы милдеттенмелери жөнүндө статистикалык маалыматтарды камтыйт.

Чет өлкө инвесторлору алдындагы жеке карыздык милдеттенме жөнүндө отчет эки формадан турат: № 1-НД форма жана № 2-НД форма.

1 §. № 1-НД форма "Жеке карыздык милдеттенме/кредитордук карыз жөнүндө маалыматтар"

91. "Жеке карыздык милдеттенме/кредитордук карыз жөнүндө маалыматтар" № 1-НД формасы ар бир каржылоо операциясына өз-өзүнчө келишимге кол коюлгандан күндөн тартып, 10 жумуш күнү ичинде бир жолу толтурулат.

92. МФК боюнча базалык маалымат төмөнкү маалыматтарды камтыйт:

1) "Кардардын (резиденттин) аталышы - документти түзүүчүнүн коду" - МФКнын толук расмий аталышы жана Кыргыз Республикасынын Улуттук статистика комитетинин ишканалардын жана уюмдардын жалпы республикалык кодификаторунун коду (ОКПО) көрсөтүлөт;

2) "Кардардын (резиденттин) аталышы - документ түзүүчү" - МФКнын толук расмий аталышы көрсөтүлөт;

3) "Аймак (областы, район, шаар, калк конуштары)":

а) "областы" - МФКнын башкы кеңсеси жайгашкан областтын аталышы көрсөтүлөт;

б) "район" - МФКнын башкы кеңсеси жайгашкан райондун аталышы көрсөтүлөт;

в) "шаар же калк конуштары" – МФКнын башкы кеңсеси жайгашкан шаар же калк конуштары көрсөтүлөт;

4) "Дареги (почта индекси, көчө, үй № )":

а) "почта индекси" - почта бөлүмүнүн индекси көрсөтүлөт;

б) "көчө, үй № " - көчөнүн аты жана башкы кеңсенин имаратынын номери көрсөтүлөт;

5) "экономикалык иштин түрү" - экономикалык иштин түрү көрсөтүлөт;

6) "телефон" - МФКнын расмий телефон номери көрсөтүлөт;

7) "факс" - МФКнын расмий факс номери көрсөтүлөт;

8) "электрондук дарек" - МФКнын электрондук почтасынын расмий дареги көрсөтүлөт.

93. Жеке карыздык милдеттенме/кредитордук карыз жөнүндө отчетто төмөнкүлөр көрсөтүлөт:

1) “каржылоо операциясынын коду” - Улуттук банк тарабынан ыйгарылат;

2) “кардардын түрү” - саналып көрсөтүлгөн тизмеден тиешелүү саптагы кардардын тиби белгиленет;

3) “экономика сектору” - келтирилген тизмеден отчет берүүчү МФК таандык болгон, экономика сектору бөлүп көрсөтүлөт;

4) “келишим түрү”- келишимдин тиби көрсөтүлөт, эгерде бул пунктта келишим түрү көрсөтүлбөсө, ал 18-пункттун эскертүү бөлүгүндө жазылат;

5) “төлөмдөрдү төлөө ишке ашырылат” - келтирилген тизмеден негизги сумманын төлөмдөрү кандай түрдө төлөнө тургандыгы көрсөтүлөт, эгерде бул пунктта негизги сумманын төлөмдөрүнүн түрү көрсөтүлбөсө, ал 18-пункттун эскертүү бөлүгүндө жазылат;

6) “негизги сумманы төлөө” - каржылоо операцияларынын жеңилдик берилген мезгили айларда, графикте каралган негизги сумманын биринчи жана акыркы төлөмдөрү, насыя (займ) же баалуу кагаздар боюнча негизги карыздын ордун жабуунун эсебинен жыл ичиндеги төлөмдөрдүн саны көрсөтүлөт;

7) “кредитордун аталышы/ээлик кылуучунун аты-жөнү” - кредитордун аты толук көрсөтүлөт, эгерде 4-пункттун 4-пунктчасы көрсөтүлгөн болсо, анда бул пунктта эсеп ээсинин аты-жөнү чагылдырылат;

8) “өлкөсү” - кредитордун өлкөсү көрсөтүлөт;

9) “кредитордун/ээлик кылуучунун түрү” - кредитордун же каражаттар баалуу кагазды резидент эмеске сатуунун эсебинен тартылган болсо, баалуу кагазга ээлик кылуучунун тиби белгиленет;

10) “инвестордун түрү” - бул пунктта кредитор түздөн-түз чет өлкө инвестору болуп саналары же саналбай тургандыгы белгиленет;

11) “макулдашууга кол коюу күнү”- кардар менен кредитор ортосунда каржылоо боюнча макулдашууга же болбосо соода бүтүмүн тариздөө учурунда сатып алуучу менен

берүүчүнүн ортосунда товарларды жана кызмат көрсөтүүлөрдү сунуштоо жөнүндө келишимге кол коюу күнү көрсөтүлөт;

12) "каржылоонун/тартылган каражаттардын/кредитордук карыздын суммасы" - эгерде форма баштапкы каржылоо үчүн толтурулса, анда 1-пунктчада товарларды жана кызмат көрсөтүүлөрдү сунуштоо жөнүндө келишимдин/каржылоо боюнча макулдашуунун шарттарына ылайык берилүүчү каржылоонун/тартылган каражаттардын/кредитордук карыздын (же баалуу кагаздын номиналдык наркы) жалпы суммасы гана көрсөтүлөт. Эгерде форма реструктуризацияланган карыз үчүн толтурулса, анда 1-пунктчада Каржылоону реструктуризациялоо (же кайра тариздөө) жөнүндө макулдашууга ылайык, мөөнөтүндө төлөнбөгөн негизги сумманы жана кайра таризделген үстөк бааны/чыгашаны бөлүп берүү менен каржылоонун жалпы суммасы көрсөтүлөт. Ал эми 2-пунктчада Улуттук банк тарабынан ыйгарылган баштапкы каржылоонун коду, реструктуризациялана турган мөөнөтүндө төлөнбөгөн сумма көрсөтүлөт;

13) "каржылоонун/тартылган каражаттардын/кредитордук карыздын валютасы" - товарларды жана кызмат көрсөтүүлөрдү сунуштоо жөнүндө келишимдин/каржылоо боюнча макулдашуунун шарттарына ылайык, кредитордун/товарларды жана кызмат көрсөтүүлөрдү сунуштоочунун (эсептин ээси же баалуу кагазды сатып алуучу) алдында кардардын/сатып алуучунун милдеттенмеси берилген валюта көрсөтүлөт;

14) "үстөк баа/чыгаша" - алынган каржылоо боюнча же товарларды жана кызмат көрсөтүүлөрдү сунуштоо боюнча төлөнө турган үстөк баа/чыгаша чагылдырылат;

15) "үстөк баанын/чыгашанын ордун жабуу күнү" - чегерилген үстөк баанын/чыгашанын ордун жапкан биринчи жана акыркы төлөмдөр жүргүзүлгөн күн, ошондой эле үстөк баа/чыгаша боюнча графикке ылайык бир жыл ичиндеги төлөмдөрдүн саны көрсөтүлөт;

16) "комиссиялык төлөмдөрдүн чени" - каржылоо суммасы боюнча кредиторго төлөнүп берилүүчү комиссиялык төлөмдөрдүн чени көрсөтүлөт;

17) "карыздык милдеттенмени тейлөө" - насыя (займ)/кредитордук карыз боюнча негизги сумманын ордун жабуу эсебинен айкын төлөмдөр жана каржылоону алгандан баштап отчеттук күнгө чейин чегерилген үстөк баа/чыгаша чагылдырылат.

Эскертүү: Көрсөтүлгөн маалыматтардын аныктыгы жана тууралыгы жетекчинин жана башкы бухгалтердин кол тамгалары жана МФКнын мөөрү менен ырасталат.

## 2 §. № 2-НД форма "Карыздык милдеттенмени/кредитордук карызды тейлөө боюнча маалыматтар"

94. Ушул форма МФК тарабынан чейрек сайын толтурулат жана отчеттук чейректен кийинки айдын 20сынан кечиктирилбестен сунушталат.

95. МФК жөнүндө № 2-НД формасындагы базалык маалыматтар "Жеке карыздык милдеттенме/кредитордук карыз жөнүндө маалыматтар" № 1-НД формасына окшош толтурулат.

96. Таблицадагы бардык маалыматтар ар бир каржылоо операциясы боюнча өзүнчө, каржылоо сунушталган валютада көрсөтүлөт.

Өлчөө бирдиги: миң акча бирдиги (мисалы: миң сом, миң АКШ доллары, миң орус рубли).

## 3 §. 1-таблица "Жеке карыздык милдеттенмени тейлөө жөнүндө отчет"

97. Отчетто карыздык милдеттенмени/кредитордук карызды иш жүзүндө тейлөө жөнүндө маалыматтар берилет.

"Каржылоо бүтүмүнүн коду" деп аталган тилкеде код Улуттук банк тарабынан ыйгарылат. "Каржылоо валютасы" деп аталган тилкеде каржылоо алынган валюта көрсөтүлөт.

"Мезгилдин башталышына карата карыз, бардыгы болуп" деп аталган тилкеде отчеттук мезгилдин башталышына карата карыздын өлчөмү/топтолгон кредитордук карыз көрсөтүлөт.

"Мезгил ичиндеги өзгөрүүлөр" тобундагы тилкелерде отчеттук чейрек ичиндеги өзгөрүүлөр көрсөтүлөт:

1) "алынды" тобундагы тилкелерде:

- "товарлар, жабдуулар" тилкесинде чет өлкө инвестору тарабынан кредитке берилген товарлар менен жабдуулардын суммасы акчалай көрсөтүлөт;

- "кызмат көрсөтүүлөр" тилкесинде чет өлкө инвестору тарабынан кредитке берилген кызмат көрсөтүүлөрдүн суммасы акчалай көрсөтүлөт;

- "акча түрүндө" тилкесинде чет өлкө инвестору тарабынан акча түрүндө берилген сумма көрсөтүлөт;

2) "орду жабылды" тобундагы тилкелерде:

- "негизги сумма" тилкесинде отчеттук мезгил ичинде төлөнгөн негизги сумма көрсөтүлөт;

- "үстөк баа/чыгаша" деп аталган тилкеде отчеттук мезгил ичинде төлөнгөн үстөк баа/чыгаша чагылдырылат;

3) "мөөнөтүндө төлөнбөгөн" тобундагы тилкелерде:

- "негизги сумма" тилкесинде МФКнын отчеттук мезгил ичинде негизги сумма боюнча орду жабылбаган карызы көрсөтүлөт;

- "үстөк баа/чыгаша" тилкесинде МФКнын отчеттук мезгил ичинде үстөк бааны/чыгашаны төлөп берүү боюнча орду жабылбаган карызы көрсөтүлөт.

"Мезгилдин акырына карата карыз, бардыгы болуп" деп аталган тилкеде төмөнкү формула боюнча эсептелүүчү карыздын/топтолгон кредитордук карыздын суммасы көрсөтүлөт:

"Мезгилдин акырына карата карыз, бардыгы болуп" = "Мезгилдин башталышына карата карыз, бардыгы болуп" + "Алынды (акча түрүндө бардыгы болуп товарлар, жабдуулар, кызмат көрсөтүүлөр)" - "Негизги сумманын орду жабылганы" + "Негизги сумманын мөөнөтүндө төлөнбөгөнү".

## 4 §. 2-таблица "Негизги сумманы төлөө (болжолдоо)"

98. Бул таблицада отчеттук мезгилден кийинки чейректен тартып товарларды жана кызмат көрсөтүүлөрдү сунуштоо жөнүндө келишимдин/каржылоо боюнча макулдашуунун графигине ылайык, негизги карыз/кредитордук карыз боюнча төлөөлөр жөнүндө болжолдуу маалыматтар чагылдырылат.

## 5 §. 3-таблица "Каржылоо боюнча үстөк бааны/чыгашаны төлөө (болжолдоо)"

99. Таблицада отчеттук мезгилден кийинки чейректен тартып товарларды жана кызмат көрсөтүүлөрдү сунуштоо жөнүндө келишимдин/каржылоо боюнча макулдашуунун графигине ылайык, үстөк баа/чыгаша/кредитордук карыз жөнүндө болжолдуу маалыматтар чагылдырылат.

Эскертүү:

Көрсөтүлгөн маалыматтардын аныктыгы жана тууралыгы жетекчинин жана башкы бухгалтердин кол тамгалары жана МФКнын мөөрү менен ырасталат.

## 6 §. Форма "Чет өлкө банкында ачылган эсеп жөнүндө билдирүү"

100. Бул формада чет өлкө банкында ачылган эсеп жөнүндө маалыматтар ошол банктын жана МФКнын реквизиттерин көрсөтүү менен чагылдырылат, ошондой эле ачылган эсеп жөнүндө толук маалымат камтылат.

101. "Толук аталышы" деп аталган тилкеде МФКнын жайгаштырылган акча каражаттары чагылдырылган эсеп ачылган банктын толук расмий аталышы көрсөтүлөт.

"Телефонду, факсты жана E-mail почтаны көрсөтүү менен толук юридикалык дарек" деп аталган тилкеде эсеп ачылган банктын толук юридикалык дареги, телефон менен факстын расмий номерлери жана банктын электрондук почтасынын расмий дареги көрсөтүлөт.

"Эсеп ачылган күн" 1-пунктунда банкта эсеп ачылган күн көрсөтүлөт.

"Эсеп тиби" 2-пунктунда банктык эсептин тиби көрсөтүлөт.

"Эсеп валютасы" 3-пунктунда банктык эсептин валютасы көрсөтүлөт.

Кошумча маалымат катары төмөнкүлөр маалымдалат:

"Эсеп ачкан резиденттин толук аталышы (жеке адамдын аты-жөнү)" 1-пунктунда МФКнын толук расмий аталышы көрсөтүлөт.

"Юридикалык (үй) дареги" 2-пунктунда телефон, факс номерлери жана E-mail почтасын көрсөтүү менен МФКнын толук расмий дареги көрсөтүлөт.

"Менчик түрү" 3-пунктунда МФКнын менчигинин түрү көрсөтүлөт.

"Мамлекеттик каттоодон өткөндүгү жөнүндө күбөлүктүн номери" 4-пунктунда - МФКнын Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигинде мамлекеттик каттоодон өткөндүгү жөнүндө күбөлүктүн номери көрсөтүлөт.

### 7 §. Чет өлкө банкынын эсептериндеги каражаттардын калдыгы жөнүндө маалымат

102. Чет өлкө банктарынын эсептериндеги каражаттардын калдыгы жөнүндө маалыматтарда эсеп валютасы, МФКнын реквизиттери жана эсеп ачылган банктын реквизиттери көрсөтүлөт.

103. Маалыматтар МФК тарабынан чейрек сайын толтурулат жана отчеттук чейректен кийинки айдын 20сынан кечиктирилбестен сунушталат.

"____-жылдын ____-чейреги үчүн" деп аталган статьяда отчет сунушталган чейрек көрсөтүлөт.

"Резиденттин аталышы" деп аталган статьяда МФКнын толук расмий аталышы көрсөтүлөт.

"Банктын аталышы" деп аталган статьяда эсеп ачылган чет өлкө банкынын толук расмий аталышы көрсөтүлөт.

"Өлкө" деп аталган статьяда - эсеп ачылган чет өлкө банкынын өлкөсү көрсөтүлөт.

"Эсеп валютасы" деп аталган статьяда эсеп ачылган валюта көрсөтүлөт.

Отчеттук мезгил ичиндеги өзгөрүүлөр:

1) "бир мезгилдин башталышына карата калдык" - мезгилдин башталышына карата калдык эсеп валютасынын миң бирдиктеринде жана миң АКШ долларында көрсөтүлөт;

2) "бир мезгилдин акырына карата калдык" - мезгилдин акырына карата калдык эсеп валютасынын миң бирдиктеринде жана миң АКШ долларында көрсөтүлөт.";

2) жогоруда аталган токтом менен бекитилген Ислам банк иши жана каржылоо принциптерине ылайык операцияларды жүзөгө ашырышкан микрокредиттик компаниялардын жана микрокредиттик агенттиктердин мезгил-мезгили менен берилүүчү регулятивдик отчетту толтуруусу боюнча усулдук көрсөтмөлөрдүн:

- 23-пункту төмөнкүдөй мазмундагы он экинчи, он үчүнчү, он төртүнчү, он бешинчи абзацтар менен толукталсын:

«Отчеттук мезгилдин акырына карата кирешелүүлүк коэффициенти, %да" деп аталган 6-тилкеде каржылоонун ар бир ыкмасы боюнча кирешелүүлүктүн орточо салмактанып алынган коэффициенти көрсөтүлөт.

Кирешелүүлүк коэффициентинин аныктамасы жылдык эффективдүү пайыздык чендин аныктамасы менен шайкеш. Кирешелүүлүк коэффициенти – анык, жылдык, эффективдүү салыштырылуучу эсептөөдөгү киреше, аны эсептөөдө депозит эсебинде акча каражаттарды жайгаштыргандыгы үчүн кардарга сый акы берилгендигине же кардардын каржылоону алууга байланыштуу төлөмдөрү эске алынат.

Кирешелүүлүк коэффициенти Улуттук банк Башкармасынын 2008-жылдын 27-августундагы № 33/4 токтому менен бекитилген "Банктык кызмат көрсөтүүлөр боюнча сыйакы өлчөмү жөнүндө маалыматтарды таркатууда эффективдүү пайыздык чендерди эсептөө жөнүндө" жобого ылайык эсептелинет.

Орточо алынган кирешелүүлүк коэффициенти берилген усулдук көрсөтмөлөрдүн 26-пунктуна ылайык эсептелинет.»;

- 25-пункттун он төртүнчү абзацы төмөнкүдөй мазмундагы редакцияда берилсин:

"Отчеттук мезгилдин акырына карата кирешелүүлүк коэффициенти, %да" деп аталган 13-тилкеде тармактар боюнча бөлүштүрүү менен берилген каржылоо боюнча отчеттук мезгилдин акырына карата кирешелүүлүк коэффициенти көрсөтүлөт";

- 26-пункт төмөнкүдөй мазмундагы редакцияда берилсин:

«26. Төмөндө отчеттук мезгилдин акырына карата орточо алынган үстөк бааны/кирешени эсептөө формуласы келтирилген.

Каржылоо боюнча үстөк баа/кирешени төмөнкү формула боюнча жылдык мааниге келтирүүгө болот:

$$I = \left(\frac{\frac{D}{PV}}{m}\right) * 12 * 100,$$

мында:

I – отчеттук мезгилдин акырына карата жылдык үстөк баа/киреше, пайыздарда,

D – келишимде көрсөтүлгөн үстөк баа суммасы/каржылоо боюнча киреше суммасы,

PV – келишимде көрсөтүлгөн каржылоо суммасы,

m – келишим боюнча каржылоо мөөнөтү (кошумча келишимге ылайык реструктуризациялоо мөөнөтү).

Орточо салмактанып алынган чен = $(X_1/X*I_1+ X_2/X*I_2)*100$

Ар бир каржылоо операциясынын суммасы сунушталган каржылоонун жалпы суммасына (каржылоо боюнча портфелден айкын каржылоо суммасы) бөлүнөт жана ошол каржылоо түрүнө ылайык, жылдык үстөк баа/киреше ченине көбөйтүлөт (пайыздык туюндуруу жогоруда көрсөтүлгөн формула боюнча эсептелинет).

X - өз-өзүнчө каржылоо шартында сунушталган каржылоонун жалпы суммасы,

$X_1$, $X_2$ - жылдык үстөк баанын/кирешенин бир чени боюнча каржылоо операцияларынын суммасы,

$I_1$, $I_2$, - өзүнчө каржылоо операциялары боюнча жылдык үстөк баа/киреше.»;

- 27-пункт күчүн жоготкон катары таанылсын;

- 29-пункттун жетинчи абзацы төмөнкүдөй мазмундагы редакцияда берилсин:

"Отчеттук мезгилдин акырына карата кирешелүүлүк коэффициенти, %да" деп аталган 13-тилкеде тармактар боюнча берилген каржылоо боюнча отчеттук мезгилдин акырына карата кирешелүүлүк коэффициенти көрсөтүлөт.

- 31-пункттун жетинчи, сегизинчи, тогузунчу, онунчу, он биринчи, он экинчи абзацтары төмөнкүдөй мазмундагы редакцияда берилсин:

""Отчеттук мезгилдин акырына үстөк баа/киреше, %да" жана "Отчеттук мезгилдин акырына кирешелүүлүк коэффициенти, %да" деп аталган 7 жана 8-тилкелерде каржылоо келишими боюнча үстөк баа/киреше жана кирешелүүлүк коэффициенти каржылоо келишими боюнча пайыздарда чагылдырылат.

"Максаты" деп аталган 9-тилкеде каржылоо келишими боюнча каржылоонун максаттуу багыты көрсөтүлөт (каржылоо сунушталган иш багытынын түрү).

"Кардардын проблемаларынын кыскача баяндалышы" деп аталган 10-тилкеде каржылоо боюнча карыздын пайда болушунун негизги себептери көрсөтүлөт.

"Негизги карыз" деп аталган 11-тилкеде каржылоонун негизги суммасы боюнча карыздын суммасы көрсөтүлөт.

"Үстөк баа" жана "Кирешелүүлүк коэффициенти" деп аталган 12 жана 13-тилкелерде каржылоо боюнча үстөк баа/киреше жагында карыз жана эгерде отчеттук мезгилге карата кайрадан саналган болсо, каржылоо боюнча кирешелүүлүк коэффициенти көрсөтүлөт.

"Кардардын карызын кайтаруу боюнча МКК/МКА тарабынан көрүлгөн иш-аракеттер" деген 14-тилкеде кардардын карызын кайтаруу боюнча МКК/МКА тарабынан көрүлгөн иш-аракеттер көрсөтүлөт.";

- "Активдер тууралуу маалымат" деп аталган 3-бөлүктүн жетинчи параграфынын аталышы төмөнкүдөй мазмундагы редакцияда берилсин:

**"7 §. Ж бөлүкчөсү "Тармактар жана региондор боюнча сунушталган каржылоонун көлөмдөрү тууралуу маалымат"**

- 34-пункттун сегизинчи абзацы төмөнкүдөй мазмундагы редакцияда берилсин:

«"Отчеттук мезгилдин акырына орточо алынган үстөк баа/киреше, %да" жана "Отеттук мезгилдин акырына кирешелүүлүк коэффициенти, %да" деп аталган 8 жана 9-тилкелерде орточо алынган үстөк баа/киреше жана отчеттук мезгилдин акырына карата кирешелүүлүк коэффициенти көрсөтүлөт.»;

- 36-пункт төмөнкүдөй мазмундагы редакцияда берилсин:

"36. "Уюмдун атылышы/кардардын аты-жөнү" деп аталган 1-тилкеде юридикалык жактын кардарынын аталышы (уюмдун каттоо документтерине ылайык расмий аталышы) же кардар -жеке адамдын аты-жөнү паспорту боюнча толук көрсөтүлүлөт.

"Берилген күнү" деп аталган 2-тилкеде каржылоо келишими боюнча берилген каржылоо күнү (күнү, айы, жылы) көрсөтүлөт.

"Ордун жабуу күнү" деп аталган 3-тилкеде каржылоо келишим боюнча каржылоонун ордун жабуу күнү (күнү, айы, жылы) көрсөтүлөт.

"Каржылоо суммасы" деп аталган 4-тилкеде каржылоо келишими боюнча каржылоо суммасы көрсөтүлөт.

"Үстөк баа/киреше" деп аталган 5-тилкеде каржылоо келишимине ылайык каржылоо боюнча жылдык үстөк баа/киреше көрсөтүлөт.

"Отчеттук мезгилдин акырына карата кирешелүүлүк коэффициенти, %" деп аталган 6-тилкеде берилген каржылоо боюнча кирешелүүлүк коэффициенти көрсөтүлөт.

"Максаты" деп аталган 7-тилкеде каржылоо келишими боюнча каржылоонун максаттуу багыты (каржылоо берилген иштин түрү) көрсөтүлөт.

"Реструктуризациялоо себептери" деп аталган 8-тилкеде активди реструктуризациялоонун негизги себептери көрсөтүлөт.

"Негизги карыз" деп аталган 9-тилкеде каржылоонун негизги суммасы боюнча карыз өлчөмү көрсөтүлөт.

"Үстөк баа/киреше" деп аталган 10-тилкеде аталган актив боюнча үстөк баа/киреше боюнча карыздар суммасы көрсөтүлөт.

"Отчеттук мезгилдин акырына карата кирешелүүлүк коэффициенти, %да" деп аталган 11-тилкеде, эгерде ал отчеттук мезгилге карата кайрадан саналган болсо кирешелүүлүк коэффициенти көрсөтүлөт.

"Туум" деп аталган 12-тилкеде мөөнөтүндө төлөнбөгөн активдер боюнча туум өлчөмү көрсөтүлөт.

"Реструктуризациялоо күнү" деп аталган 13-тилкеде кошумча макулдашуу боюнча реструктуризациялоо күнү (күнү, айы, жылы) көрсөтүлөт.

"Ордун жабуу күнү" деп аталган 14-тилкеде кошумча макулдашуу боюнча реструктуризацияланган активдин ордун жабуу күнү (күнү, айы, жылы) көрсөтүлөт.

"Каржылоо суммасы" деп аталган 15-тилкеде кошумча макулдашуу боюнча реструктуризацияланган активдин суммасы көрсөтүлөт.

"Үстөк баа/киреше" деп аталган 16-тилкеде кошумча макулдашууга ылайык реструктуризацияланган актив боюнча жылдык үстөк баа/киреше көрсөтүлөт.";

- 63-пункттун он төртүнчү жана он бешинчи абзацтары төмөнкү редакцияда берилсин:

"Кирешелүүлүк коэффициенти, %да" деп аталган 8-9-тилкелерде каржылоо боюнча кирешелүүлүк коэффициенттин минималдуу жана максималдуу чени чагылдырылат;

"Чегерүү ыкмасы" деп аталган 10-11-тилкелерде кирешени чегерүү боюнча колдонулган ыкмага жараша (калдык балanска же баштапкы балanска) каржылоо боюнча портфелдин калдыгы чагылдырылат.

- 67-пункттун:

7-абзацы төмөнкү редакцияда берилсин:

"9-тилкеде эсептердеги акча каражаттары жана финансылык уюмга инвестициялар боюнча орточо алынган үстөк баа/киреше пайыздарда чагылдырылат.

төмөнкү мазмундагы 8-абзац менен толукталсын:

«"Отчеттук мезгилдин акырына орточо алынган кирешелүүлүк коэффициенти, %да" деп аталган 12-тилкеде финансылык уюмга инвестициялар жана эсептердеги каражаттар боюнча кирешелүүлүк коэффициенти пайыздарда көрсөтүлөт.».

3) жогоруда аталган токтом менен бекитилген Ислам банк иши жана каржылоо принциптерине ылайык операцияларды жүзөгө ашырышкан кредиттик союздардын мезгил-мезгили менен берилүүчү регулятивдик отчетту толтуруусу боюнча усулдук көрсөтмөлөрдүн:

- 13-пункту төмөнкүдөй мазмундагы экинчи, үчүнчү жана төртүнчү абзацтар менен толукталсын:

«"Кирешелүүлүк коэффициенти, %да" деп аталган 6-тилкеде кирешелүүлүк коэффициенти пайыздык мааниде көрсөтүлөт.

Кирешелүүлүк коэффициентинин аныктамасы жылдык эффективдүү пайыздык чендин аныктамасына шайкеш. Кирешелүүлүк коэффициенти – анык, жылдык, эффективдүү салыштырылуучу эсептөөдөгү киреше, аны эсептөөдө депозит эсебинде акча каражаттарды жайгаштыргандыгы үчүн кардарга сый акы берилгендигине же кардардын каржылоону алууга байланыштуу төлөмдөрү эске алынат.

Кирешелүүлүк коэффициенти Улуттук банк Башкармасынын 2008-жылдын 27-августундагы № 33/4 токтому менен бекитилген "Банктык кызмат көрсөтүүлөр боюнча сыйакы өлчөмү жөнүндө маалыматтарды таркатууда эффективдүү пайыздык чендерди эсептөө жөнүндө" жобого ылайык эсептелинет.";

- 15-пункттун алтынчы абзацы төмөнкү редакцияда берилсин:

"13 жана 14-тилкелерде орточо алынган үстөк баа/киреше жана кирешелүүлүк коэффициенти көрсөтүлөт. Үстөк баа/киреше ушул усулдук көрсөтмөлөрдүн 16-пунктунда көрсөтүлгөн тартипте эсептелинет. ";

- 16-пункт төмөнкү редакцияда берилсин:

"16. Төмөндө отчеттук мезгилдин акырына карата орточо алынган үстөк бааны эсептөө формуласы келтирилген.

Каржылоо боюнча үстөк бааны төмөнкү формула боюнча жылдык мааниге келтирүүгө болот:

$$I = \left(\frac{\frac{D}{PV}}{m}\right) * 12 * 100,$$

мында:

I – отчеттук мезгилдин акырына карата жылдык үстөк баа/киреше, пайыздарда,

D – келишимде көрсөтүлгөн үстөк баа суммасы/каржылоо боюнча киреше суммасы,

PV – келишимде көрсөтүлгөн каржылоо суммасы,

m – келишим боюнча каржылоо мөөнөтү (кошумча келишимге ылайык реструктуризациялоо мөөнөтү).

Орточо алынган үстөк баа/киреше = ($X_1$/X* $I_1$+ $X_2$/X* $I_2$)*100

Ар бир каржылоо операциясынын суммасы сунушталган каржылоонун жалпы суммасына (каржылоо боюнча портфелден айкын каржылоо суммасы) бөлүнөт жана ошол каржылоо түрүнө ылайык, үстөк баа/киреше ченине көбөйтүлөт (пайыздык туюндуруу жогоруда көрсөтүлгөн формула боюнча эсептелинет).

X - өз-өзүнчө каржылоо шартында сунушталган каржылоонун жалпы суммасы,

$X_1$, $X_2$ - жылдык үстөк баанын/кирешенин бир чени боюнча каржылоо операцияларынын суммасы,

$I_1$, $I_2$, - өзүнчө каржылоо операциялары боюнча жылдык үстөк баа/киреше.";

- 18-пункт төмөнкүдөй мазмундагы он бешинчи абзац менен толукталсын:

"16-тилкеде отчеттук мезгил ичинде орточо алынган кирешелүүлүк коэффициенти пайыздарда көрсөтүлөт.";

- 21-пункт төмөнкү редакцияда берилсин:

"21. Бул формага отчеттук күнгө карата абал боюнча эң ири он беш карыз (каржылоо) боюнча маалыматтар кемүү тартибинде киргизилет.

"Кардардын аты-жөнү" деп аталган 2-тилкеде Кредиттик союздун кардарынын аты-жөнү толук көрсөтүлөт.

"Каржылоо сунушталган күн" деп аталган 3-тилкеде каржылоо келишимине ылайык учурда сунушталган каржылоо күнү (жылы, күнү, айы,) көрсөтүлөт.

"Сунушталган каржылоону төлөө күнү" деп аталган 4-тилкеде каржылоо келишимине ылайык учурдагы каржылоону төлөө күнү (жылы, күнү, айы) чагылдырылат.

"Сунушталган каржылоо суммасы" деп аталган 5-тилкеде каржылоо келишимине ылайык сунушталган каржылоонун суммасы көрсөтүлөт.

"Үстөк баа/киреше" деп аталган 6-тилкеде каржылоо келишимине ылайык сунушталган каржылоо боюнча жылдык үстөк баа/киреше көрсөтүлөт.

"Кирешелүүлүк коэффициенти, %" деп аталган 7-тилкеде сунушталган каржылоо боюнча кирешелүүлүк коэффициенти көрсөтүлөт.

"Төлөмдөрдүн саны" деп аталган 8-тилкеде каржылоо боюнча келишимге ылайык төлөө графиги боюнча каржылоо жагында төлөмдөрдүн саны чагылдырылат.

"Төлөө аралыгы" деп аталган 9-тилкеде каржылоо келишимине ылайык төлөө графиги боюнча сунушталган каржылоо боюнча төлөөлөрдүн мезгилдүүлүгү чагылдырылат.

"Негизги сумманын алгачкы төлөмүн төлөө күнү" деп аталган 10-тилкеде каржылоо келишимине ылайык төлөө графиги боюнча негизги сумманын алгачкы төлөмүн төлөө күнү көрсөтүлөт.

"Негизги сумманын акыркы төлөмүн төлөө күнү" деп аталган 11-тилкеде каржылоо келишимине ылайык төлөө графиги боюнча негизги сумманын акыркы төлөмүн төлөө күнү көрсөтүлөт.

"Максаты" деп аталган 12-тилкеде каржылоо келишимине ылайык учурдагы каржылоонун (каржылоо багытталган иштин түрү) максаттуу багыты чагылдырылат.

"Айдын башына карата негизги сумма калдыгы" деп аталган 13-тилкеде отчеттук мезгилдин башына карата учурдагы каржылоонун негизги суммасынын калдыгы көрсөтүлөт.

"Төлөнгөн негизги сумма" деп аталган 14-тилкеде негизги карыздын суммасынын ушул айда төлөнгөн бир бөлүгү көрсөтүлөт.

"Берилген негизги сумма" деп аталган 15-тилкеде негизги карыздын суммасынын ушул айда берилген бөлүгү чагылдырылат."

"Айдын акырына карата негизги сумманын калдыгы" деп аталган 16-тилкеде отчеттук мезгилдин акырына карата учурдагы каржылоонун негизги суммасынын калдыгы көрсөтүлөт.

"Күрөө" деп аталган 17-тилкеде күрөөнүн түрү көрсөтүлөт.";

- 22-пункттун сегизинчи, тогузунчу, онунчу, он биринчи, он экинчи, он үчүнү, он төртүнчү абзацтары төмөнкү редакцияда берилсин:

«"Үстөк баа/киреше, %да" жана "Кирешелүүлүк коэффициенти, %да" деп аталган 8 жана 9-тилкелерде каржылоо боюнча жылдык үстөк баа/киреше жана кирешелүүлүк коэффициенти пайыздарда көрсөтүлөт.

"Максаты" деп аталган 10-тилкеде каржылоо келишимине ылайык сунушталган каржылоонун максаттуу багыты (каржылоо багытталган иштин түрү) көрсөтүлөт.

"Кардардын проблемасынын кыскача баяндалышы" деп аталган 11-тилкеде кардарга сунушталган каржылоо боюнча мөөнөтүндө төлөнбөй калуу себеби чагылдырылат.

"Негизги карыз" деп аталган 12-тилкеде отчеттук күнгө карата абал боюнча сунушталган каржылоо боюнча учурда орун алып турган карыз чагылдырылат.

"Үстөк баа/киреше" жана "Кирешелүүлүк коэффициенти" деп аталган 13 жана 14-тилкелерде учурдагы каржылоо боюнча үстөк баанын/кирешенин өлчөмү көрсөтүлөт жана эгерде отчеттук мезгилге карата кайрадан саналган болсо кирешелүүлүк коэффициенти көрсөтүлөт.

"Туум" деп аталган 15-тилкеде отчеттук күнгө карата сунушталган каржылоо боюнча туум өлчөмү чагылдырылат.

"Карызды кайтаруу боюнча кредиттик союздун иш-аракети (пландары)" деп аталган 16-тилкеде карызды кайтаруу боюнча кредиттик союз тарабынан кабыл алынган чаралар чагылдырылат.";

- 25-пункт төмөнкү редакцияда берилсин:

"25. "Кардардын аты-жөнү" деп аталган 2-тилкеде Кредиттик союздун кардарынын аты-жөнү толук көрсөтүлөт.

"Берилген күнү" деп аталган 3-тилкеге каржылоо келишимине ылайык сунушталган каржылоо күнү (күнү, айы, жылы) чагылдырылат.

"Төлөө күнү" деп аталган 4-тилкеде каржылоо келишимине ылайык каржылоону төлөө күнү (күнү, айы, жылы) көрсөтүлөт.

"Каржылоо суммасы" деп аталган 5-тилкеде каржылоо келишимине ылайык каржылоо суммасы чагылдырылат.

"Үстөк баа/киреше" деп аталган 6-тилкеде каржылоо келишимине ылайык каржылоо боюнча жылдык үстөк баа/киреше көрсөтүлөт.

"Кирешелүүлүк коэффициенти" деп аталган 7-тилкеде каржылоо келишимине ылайык каржылоо боюнча кирешелүүлүк коэффициенти көрсөтүлөт.

"Максаты" деп аталган 8-тилкеде каржылоо келишимине ылайык каржылоонун максаттуу багыты (каржылоо сунушталган иштин түрү) чагылдырылат.

"Реструктуризациялоо себеби" деп аталган 9-тилкеде активди реструктуризациялоонун негизги себептери көрсөтүлөт.

"Негизги карыз" деп аталган 10-тилкеде каржылоонун негизги суммасы боюнча карыздын өлчөмү чагылдырылат.

"Үстөк баа/киреше" деп аталган 11-тилкеде аталган актив боюнча үстөк баа/киреше жагында карыздын суммасы көрсөтүлөт.

“Кирешелүүлүк коэффициенти” деп аталган 12-тилкеде эгерде отчеттук мезгилге карата кайрадан саналган болсо кирешелүүлүк коэффициенти көрсөтүлөт.

“Туум» деп аталган 13-тилкеде мөөнөтүндө төлөнбөгөн активдер боюнча туумдардын өлчөмү көрсөтүлөт.

“Реструктуризациялоо күнү” деп аталган 14-тилкеде кошумча келишим боюнча реструктуризациялоо күнү (күнү, айы, жылы) чагылдырылат.

“Төлөө күнү» деп аталган 15-тилкеде кошумча келишим боюнча реструктуризацияланган активди төлөө күнү (күнү, айы, жылы) көрсөтүлөт.

“Каржылоо суммасы” деп аталган 16-тилкеде кошумча келишим боюнча реструктуризацияланган активдин суммасы чагылдырылат.

“Үстөк баа/киреше” деп аталган 17-тилкеде кошумча келишимге ылайык реструктуризацияланган актив боюнча жылдык үстөк баа/киреше көрсөтүлөт.”;

- 40-пункт төмөнкүдөй мазмундагы сегизинчи абзац менен толукталсын:

"9-тилкеде отчеттук мезгилдин акырына орточо алынган кирешелүүлүк коэффициенти пайыздарда көрсөтүлөт.»;

4. Улуттук банктын Көзөмөл боюнча комитетинин 2016-жылдын 9-июнундагы 24/1 "Микрофинансылык компаниялардын, микрокредиттик компаниялардын/ микрокредиттик агенттиктердин жана кредиттик союздардын мезгил-мезгили менен берилүүчү регулятивдик отчетунун формаларын толтуруу боюнча усулдук көрсөтмөлөрдү бекитүү жөнүндө" токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүүлөр жана толуктоолор киргизилсин:

1) жогоруда аталган токтом менен бекитилген Микрофинансылык компаниялардын мезгил-мезгили менен берилүүчү регулятивдик отчетун толтуруу боюнча усулдук көрсөтмөлөрдүн:

- "Д-1-бөлүкчө. "Ислам банк иши жана каржылоо принциптери боюнча портфелди чечмелөө" деп аталган 6-1 параграфы төмөнкүдөй мазмундагы экинчи, үчүнчү, төртүнчү жана бешинчи абзацтар менен толукталсын:

“Үстөк баа/киреше, %” деп аталган тилкеде каржылоо боюнча үстөк баанын минималдуу жана максималдуу өлчөмү көрсөтүлөт. 4-бөлүктүн “Сунушталган каржылоо боюнча маалымат» деп аталган 4.В-1 бөлүкчөсүндө көрсөтүлгөн, формула боюнча үстөк бааны/кирешени жылдык мааниге келтирүүгө болот.

“Кирешелүүлүк коэффициенти, %” деп аталган 8-9-тилкеде кирешелүүлүк коэффициенти пайыздык мааниде көрсөтүлөт.

Кирешелүүлүк коэффициентинин аныктамасы жылдык эффективдүү пайыздык чендин аныктамасы менен шайкеш. Кирешелүүлүк коэффициенти – анык, жылдык, эффективдүү салыштырылуучу эсептөөдөгү киреше, аны эсептөөдө депозит эсебинде акча каражаттарды жайгаштыргандыгы үчүн кардарга сый акы берилгендигине же кардардын каржылоону алууга байланыштуу төлөмдөрү эске алынат.

Кирешелүүлүк коэффициенти Улуттук банк Башкармасынын 2008-жылдын 27-августундагы № 33/4 токтому менен бекитилген “Банктык кызмат көрсөтүүлөр боюнча сыйакы өлчөмү жөнүндө маалыматтарды таркатууда эффективдүү пайыздык чендерди эсептөө жөнүндө” жобого ылайык эсептелинет.”;

- “4.В-1. “Сунушталган каржылоо боюнча маалымат” деп аталган 17-1- параграф төмөнкүдөй редакцияда берилсин:

**“§ 17-1. 4.В-1-бөлүкчө. “Сунушталган каржылоо боюнча маалымат»**

Бул бөлүкчөдө отчеттук мезгил ичиндеги каржылоонун көлөмү жана орточо алынган үстөк баа/киреше көрсөтүлөт. Бөлүкчө “Берилген кредиттер боюнча маалымат” деген 4-бөлүктүн 4.В. бөлүкчөсү сыяктуу эле толтурулат.

Каржылоо боюнча үстөк баа/кирешени төмөнкү формула боюнча жылдык мааниге келтирүүгө болот:

$$I = \left(\frac{\frac{D}{PV}}{m}\right) * 12 * 100,$$

мында:

I – отчеттук мезгилдин акырына карата жылдык үстөк баа/киреше, пайыздарда,

D – келишимде көрсөтүлгөн үстөк баа суммасы/каржылоо боюнча киреше суммасы,

PV – келишимде көрсөтүлгөн каржылоо суммасы,

m – келишим боюнча каржылоо мөөнөтү (кошумча келишимге ылайык реструктуризациялоо мөөнөтү).

Үстөк баанын/кирешенин алынган мааниси орточо алынган үстөк бааны/кирешени 52-пунктта көрсөтүлгөн формула боюнча эсептөө үчүн колдонулат.";

- 22-пункт төмөнкү мазмундагы сегизинчи абзац менен толукталсын:

"Кредиттердин жалпы суммасынын эсебине ислам банк иши жана каржылоо принциптерине ылайык сунушталган каржылоо суммалары кирбейт. Кредиттер боюнча орточо салмактанып алынган пайыздык чендин эсебине ислам банк иши жана каржылоо принциптерине ылайык сунушталган каржылоо боюнча орточо алынган үстөк баа/кирешеге тиешелүү маалыматтары кирбейт.";

- 9-глава төмөнкүдөй мазмундагы 18-1 параграф менен толукталсын:

**"§ 18-1. 4. Г-1-бөлүкчө. Областтарга сунушталган каржылоо боюнча маалымат**

Бөлүкчө "Областтарга сунушталган кредиттер боюнча маалымат" деген 4.Г бөлүкчөсү сыяктуу эле толтурулат.

"Отчеттук мезгилдин акырына карата орточо алынган үстөк баа/киреше, %" 7-тилкеде берилген усулдук көрсөтмөнүн 52-пунктуна ылайык эсептелинген орточо алынган үстөк баа/киреше көрсөтүлөт.

"Отчеттук мезгилдин акырына карата орточо алынган кирешелүүлүк коэффициенти, %" деп аталган 8-тилкеде "Д-1. "Ислам банк иши жана каржылоо принциптери боюнча портфелди чечмелөө" деп аталган 6-1 параграфына ылайык эсептелинген кирешелүүлүк коэффициенти пайыздык мааниде көрсөтүлөт.

Эскертүү: Ислам банк иши жана каржылоо принциптерине ылайык сунушталган каржылоонун суммалары кредиттердин жалпы суммасынын эсебине кирбейт. Ислам банк иши жана каржылоо принциптерине ылайык сунушталган каржылоо боюнча орточо салмактанып алынган үстөк баа/кирешеге тиешелүү маалыматтар "Областтарга сунушталган кредиттер боюнча маалымат" деген 4.Г бөлүкчөсүндөгү кредиттер боюнча орточо салмактанып алынган пайыздык чендин эсебине кирбейт.";

- 53-пункт төмөнкү мазмундагы экинчи абзац менен толукталсын:

«"Ислам банк иши жана каржылоо принциптерине ылайык сунушталган каржылоо боюнча кирешелүүлүк коэффициентинин маалыматтары орточо алынган эффективдүү пайыздык чендин эсебине кирбейт. ".

2) жогоруда аталган токтом менен бекитилген Микрокредиттик компаниянын жана микрокредиттик агенттиктин мезгил-мезгили менен берилүүчү регулятивдик отчетунун формаларын толтуруу боюнча усулдук көрсөтмөлөрдүн:

- 14-пунктундагы жетинчи абзац төмөнкү мазмундагы экинчи сүйлөм менен толукталсын:

"Кредиттер боюнча орточо салмактанып алынган пайыздык чендин эсебине ислам банк иши жана каржылоо принциптерине ылайык сунушталган каржылоо боюнча маалыматтар кирбейт.";

- 14-1-пункт төмөнкү редакцияда берилсин:

"14. Каржылоо боюнча үстөк бааны/кирешени төмөнкү формула боюнча жылдык мааниге келтирүүгө болот:

$$I = \left(\frac{\frac{D}{PV}}{m}\right) * 12 * 100,$$

мында:

I – отчеттук мезгилдин акырына карата жылдык үстөк баа/киреше, пайыздарда,

D – келишимде көрсөтүлгөн үстөк баа суммасы/каржылоо боюнча киреше суммасы,

PV – келишимде көрсөтүлгөн каржылоо суммасы,

m – келишим боюнча каржылоо мөөнөтү (кошумча келишимге ылайык реструктуризациялоо мөөнөтү).

Үстөк баанын/кирешенин алынган мааниси орточо алынган үстөк бааны/кирешени ушул усулдук көрсөтмөлөрдүн 14-пунктунда көрсөтүлгөн формула боюнча эсептөө үчүн колдонулат.";

-16-пункт төмөнкү мазмундагы он сегизинчи абзац менен толукталсын:

Эскертүү: Ислам банк иши жана каржылоо принциптерине ылайык сунушталган каржылоонун суммалары кредиттердин жалпы суммасынын эсебине кирбейт. Ислам банк иши жана каржылоо принциптерине ылайык сунушталган каржылоо боюнча орточо алынган үстөк баа/кирешеге тиешелүү маалыматтар кредиттер боюнча орточо салмактанып алынган пайыздык чендин эсебине кирбейт. Орточо салмактанып алынган эффективдүү пайыздык чендин эсебине ислам банк иши жана каржылоо принциптерине ылайык сунушталган каржылоо боюнча кирешелүүлүк коэффициентине тиешелүү маалыматтар кирбейт.".

- В-1. "Тармактар жана региондор боюнча каржылоо портфелин бөлүштүрүү" деп аталган 12-1-параграф төмөнкү мазмундагы экинчи, үчүнчү, төртүнчү, бешинчи, алтынчы жана жетинчи абзацтар менен толукталсын:

"Отчеттук мезгилдин акырына карата орточо алынган үстөк баа/киреше, %" деп аталган 12-тилкеде ушул главанын "Активдери жөнүндө маалымат" деп аталган 3-бөлүгүнүн 14 жана 14-1-пункттарына ылайык эсептелинген орточо алынган үстөк баанын/кирешенин мааниси пайыздарда көрсөтүлөт.

Ислам банк иши жана каржылоо принциптерине ылайык сунушталган каржылоонун суммалары кредиттердин жалпы суммасынын эсебине кирбейт. Ислам банк иши жана каржылоо принциптерине ылайык сунушталган каржылоо боюнча орточо салмактанып алынган үстөк баа/кирешеге тиешелүү маалыматтар "Тармактар жана региондор боюнча кредиттик портфелди бөлүштүрүү" деген 3 В бөлүкчөсүндө көрсөтүлгөн кредиттер боюнча орточо салмактанып алынган пайыздык чендин эсебине кирбейт.

"Отчеттук мезгилдин акырына карата кирешелүүлүк коэффициенти, %да" тилкесинде кирешелүүлүктүн орточо алынган коэффициентинин мааниси пайыздарда көрсөтүлөт.

Кирешелүүлүк коэффициентинин аныктамасы жылдык эффективдүү пайыздык чендин аныктамасына шайкеш. Кирешелүүлүк коэффициенти – анык, жылдык, эффективдүү салыштырылуучу эсептөөдөгү киреше, аны эсептөөдө депозит эсебинде акча каражаттарды жайгаштыргандыгы үчүн кардарга сый акы берилгендигине же кардардын каржылоону алууга байланыштуу төлөмдөрү эске алынат.

Кирешелүүлүк коэффициенти Улуттук банк Башкармасынын 2008-жылдын 27-августундагы № 33/4 токтому менен бекитилген "Банктык кызмат көрсөтүүлөр боюнча сыйакы өлчөмү жөнүндө маалыматтарды таркатууда эффективдүү пайыздык чендерди эсептөө жөнүндө" жобого ылайык эсептелинет.

Кирешелүүлүктүн орточо алынган коэффициенти ушул главанын "Активдер жөнүндө маалымат" деп аталган 3-бөлүгүнүн 14-пунктуна ылайык эсептелинет.".